КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН
КӨЗӨМӨЛ БОЮНЧА КОМИТЕТИНИН
ТОКТОМУНАН

КӨЧҮРМӨ

Бишкек ш. 2026-жылдын «8» октябры № 48/1

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Көзөмөл боюнча комитетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-мартындагы № 6/2 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобонун 2.4-пунктуна таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр киргизилсин (кошо тиркелет):

1) 2014-жылдын 26-декабрындагы №46/1 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин, кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө»;

2) 2016-жылдын 9-июнундагы №24/1 «Микрофинансылык компаниялардын, микрокредитиик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүү бекитүү жөнүндө».

2. Токтом 2026-жылдын 1- ноябрынан тартып күчүнө кирет.

Көзөмөл боюнча комитеттин катчысы Ж. Аралова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ НАЦИОНАЛЬНЫЙ БАНК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ Мамлекеттик тилди өнүктүрүү документ менен ... документооборота ИНН 01212199210017

Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын
Көзөмөл боюнча комитетинин
2026-жылдын 8-октябрындагы
№ 48/1
токтомуна карата тиркеме

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Көзөмөл боюнча комитетинин айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2014-жылдын 26-декабрындагы № 46/1 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялардын, микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин, кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөр жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 20-пунктунун тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 6-7-тилкелерде каржылоо боюнча үстөк баанын/кирешенин минималдуу жана максималдуу чендери жылдык номиналдык пайыздык мааниде чагылдырылат;»;

- 44-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«44. Төмөндө отчеттук мезгилдин акырына карата орточо салмактанып алынган үстөк бааны/кирешени жана кирешелүүлүк коэффициентти эсептөө формуласы келтирилген.

Орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше же орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк коэффициенти = $(X_1 / X * I_1 + X_2 / X * I_2 + \ldots + X_n / X * I_n) * 100$

X - каржылоо портфелинин калдыгы;

$X_1, X_2, \ldots, X_n$ – каржылоонун өзүнчө операциялары боюнча негизги сумманын калдыгы;

$I_1, I_2, \ldots, I_n$ – каржылоонун өзүнчө операциялары боюнча үстөк баалар/кирешелер же кирешелүүлүк коэффициенттери.

Орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше каржылоо портфелинин калдыгына бөлүнгөн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 29-декабрындагы № 2021-П-12/75-1-(БС) токтому менен бекителген «Банктык, төлөм жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына жана маркетингдик иш-чараларды жүргүзүүгө карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого ылайык эсептелген ушул каржылоо операциясына тиешелүү үстөк баага/кирешеге көбөйтүлгөн ар бир каржылоо операциясынын калдыгына барабар.

Орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк коэффициенти каржылоо портфелинин калдыгына бөлүнгөн жана ушул каржылоо операциясына тиешелүү кирешелүүлүк коэффициентине көбөйтүлгөн ар бир каржылоо операциясынын калдыгынын суммасына барабар.»;

- 45-пункттун тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 3-тилкеде ар бир каржылоо ыкмасы үчүн үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде чагылдырылат.»;

- 53-пункттун:

Иманаева А. Майтанова С.

сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата үстөк баа/киреше» деп аталган 7-тилкеде үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде чагылдырылат.»;

он үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 12-тилкеде каржылоо боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде көрсөтүлөт.»;

- 57-пункттун:

төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 5-тилкеде үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде чагылдырылат.»;

тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 10-тилкеде аталган актив боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде көрсөтүлөт.»;

он бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 16-тилкеде кошумча келишимге ылайык реструктуризацияланган актив боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде чагылдырылат.»;

- 77-пункттун онунчу абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Тиешелүү транзакциялар боюнча үстөк баа/киреше (жылдык номиналдык пайыздык мааниде) 5 жана 8-тилкелерде көрсөтүлөт.»;

- расмий тилдеги 78-пункттун төртүнчү абзацындагы «годовая» деген сөз алынып салынсын;

- 79-пункттун алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/чыгаша, % түрүндө" деп аталган 7-тилкеде келишимге ылайык каржылоо боюнча үстөк баа/чыгаша жылдык номиналдык пайыздык мааниде көрсөтүлөт.»;

- 93-пункттун 14-пунктчасы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«14) «тартылган каржылоо боюнча үстөк баа/чыгашалар» – алынган каржылоо боюнча же товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча төлөнө турган үстөк баа/чыгаша жылдык номиналдык пайыздык мааниде чагылдырылат;».

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган микрокредиттик компаниялардын жана микрокредиттик агенттиктердин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 23-пункттун тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 3-тилкеде каржылоонун ар бир методу боюнча берилген Усулдук көрсөтмөлөрдүн 26-пунктуна ылайык эсептелинген орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше чагылдырылат.»;

- 26-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«26. Төмөндө отчеттук мезгилдин акырына карата орточо салмактанып алынган үстөк бааны/кирешени жана кирешелүүлүк коэффициентти эсептөө формуласы келтирилген.

Орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше же орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк коэффициенти = $(X_1 / X * I_1 + X_2 / X * I_2 + \ldots + X_n / X * I_n) * 100$

X - каржылоо портфелинин калдыгы;

$X_1, X_2, \ldots, X_n$ – каржылоонун өзүнчө операциялары боюнча негизги сумманын калдыгы;

$I_1, I_2, \ldots, I_n$ – каржылоонун өзүнчө операциялары боюнча үстөк баалар/кирешелер же кирешелүүлүк коэффициенттери.

Орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше каржылоо портфелинин калдыгына бөлүнгөн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын

29-декабрындагы № 2021-П-12/75-1-(БС) токтому менен бекителген «Банктык, төлөм жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына жана маркетингдик иш-чараларды жүргүзүүгө карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого ылайык эсептелген ушул каржылоо операциясына тиешелүү үстөк баага/кирешеге көбөйтүлгөн ар бир каржылоо операциясынын калдык суммасына барабар.

Орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк коэффициенти каржылоо портфелинин калдыгына бөлүнгөн жана ушул каржылоо операциясына тиешелүү кирешелүүлүк коэффициентине көбөйтүлгөн ар бир каржылоо операциясынын калдыгына барабар.»;

- 31-пункттун:

жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Отчеттук мезгилдин акырына үстөк баа/киреше, % түрүндө» жана «Отчеттук мезгилдин акырына кирешелүүлүк коэффициенти, % түрүндө» деп аталган 7 жана 8-тилкелерде каржылоо келишими боюнча үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти пайыздарда чагылдырылат.»;

он биринчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Отчеттук мезгилдин акырына үстөк баа/киреше, % түрүндө» жана «Отчеттук мезгилдин акырына кирешелүүлүк коэффициенти, % түрүндө» деп аталган 12 жана 13-тилкелерде, эгерде алар учурдагы отчеттук мезгилге карата кайрадан эсептелген болсо кошумча макулдашуу боюнча үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти пайыз түрүндө көрсөтүлөт.»;

- 34-пункттун жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Отчеттук мезгилдин акырына орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше, % түрүндө» жана «Отчеттук мезгилдин акырына кирешелүүлүк коэффициенти, % түрүндө» деп аталган 8 жана 9-тилкелерде берилген Усулдук көрсөтмөлөрдүн 26-пунктуна ылайык эсептелген отчеттук мезгилдин акырына карата орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.»;

- 36-пункттун:

бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 5-тилкеде каржылоо келишимине ылайык үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде көрсөтүлөт.»;

онунчу абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 10-тилкеде аталган актив боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде көрсөтүлөт.»;

он алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Отчеттук мезгилдин акырына карата үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 16-тилкеде кошумча макулдашууга ылайык реструктуризацияланган актив боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде көрсөтүлөт.»;

- 52-пункттун 14-пунктчасы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«14) тартылган каржылоо боюнча үстөк баа/чыгаша – алынган каржылоо же товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүү боюнча төлөнө турган үстөк баа/чыгаша жылдык номиналдык пайыздык мааниде чагылдырылат;»;

- 62-пункттун жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«7-тилкеде тартылган каржылоо боюнча үстөк баа/чыгаша жылдык номиналдык пайыздык мааниде чагылдырылат.»;

- 69-пункттун алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/чыгаша, % түрүндө» деп аталган 7-тилкеде келишимге ылайык каржылоо боюнча үстөк баа/чыгаша жылдык номиналдык пайыздык мааниде чагылдырылат.»;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырышкан кредиттик союздардын мезгил-

мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетту толтуруусу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 15-пунктунун жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«13 жана 14-тилкелерде ушул Усулдук көрсөтмөлөрдүн 16-пунктунда каралган тартипте эсептелген отчеттук мезгилдин акырына карата орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти көрсөтүлөт.»;

- 16-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«16. Төмөндө отчеттук мезгилдин акырына карата орточо салмактанып алынган үстөк бааны/кирешени жана кирешелүүлүк коэффициентти эсептөө формуласы келтирилген.

Орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше же орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк коэффициенти = $(X_1 / X * I_1 + X_2 / X * I_2 + \ldots + X_n / X * I_n) * 100$

X - каржылоо портфелинин калдыгы;

$X_1, X_2, \ldots, X_n$ – каржылоонун өзүнчө операциялары боюнча негизги сумманын калдыгы;

$I_1, I_2, \ldots, I_n$ – каржылоонун өзүнчө операциялары боюнча үстөк баалар/кирешелер же кирешелүүлүк коэффициенттери.

Орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше каржылоо портфелинин калдыгына бөлүнгөн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 29-декабрындагы № 2021-П-12/75-1-(БС) токтому менен бекителген «Банктык, төлөм жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына жана маркетингдик иш-чараларды жүргүзүүгө карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого ылайык эсептелген ушул каржылоо операциясына тиешелүү үстөк баага/кирешеге көбөйтүлгөн ар бир каржылоо операциясынын калдык суммасына барабар.

Орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк коэффициенти каржылоо портфелинин калдыгына бөлүнгөн жана ушул каржылоо операциясына тиешелүү кирешелүүлүк коэффициентине көбөйтүлгөн ар бир каржылоо операциясынын калдыгына барабар.»;

- 21-пункттун алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 6-тилкеде каржылоо келишимине ылайык сунушталган каржылоо боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде көрсөтүлөт.»;

- 22-пункттун:

сегизинчи абзацынан «жылдык» деген сөз алынып салынсын;

он экинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» жана «Кирешелүүлүк коэффициенти, % түрүндө» деп аталган 13 жана 14-тилкелерде, эгерде алар учурдагы отчеттук мезгилге карата кайрадан эсептелген болсо, учурдагы каржылоо боюнча үстөк баанын/кирешенин өлчөмү жана кирешелүүлүк коэффициенти пайыз түрүндө көрсөтүлөт.»;

- 25-пункттун:

бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 7-тилкеде каржылоо келишимине ылайык каржылоо боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде көрсөтүлөт.»;

онунчу абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 12-тилкеде аталган актив боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде көрсөтүлөт.»;

он алтынчы абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган 18-тилкеде кошумча келишимге ылайык реструктуризацияланган актив боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде көрсөтүлөт.».

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөл боюнча комитетинин 2016-жылдын 9-июнундагы № 24/1 «Микрофинансылык компаниялардын, микрокредитиик компаниялардын/микрокредиттик агенттиктердин жана кредиттик союздардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдү бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрофинансылык компаниялардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 6-главасынын 6-1-параграфынын экинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Үстөк баа/киреше, % түрүндө» деп аталган тилкеде каржылоо боюнча үстөк баанын минималдуу жана максималдуу өлчөмү жылдык номиналдык пайыздык мааниде көрсөтүлөт. Каржылоо боюнча үстөк баа/киреше Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 29-декабрындагы № 2021-П-12/75-1-(БС) токтому менен бекителген «Банктык, төлөм жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына жана маркетингдик иш-чараларды жүргүзүүгө карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого ылайык жылдык номиналдык пайыздык мааниге келтирилет.»;

- 9-главанын 17-1-параграфы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Бул бөлүкчөдө отчеттук мезгил ичиндеги каржылоонун көлөмү жана орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше көрсөтүлөт. Бөлүкчө «Берилген кредиттер боюнча маалымат» деген 4-бөлүктүн 4.В. бөлүкчөсү сыяктуу эле толтурулат.

Каржылоонун өзүнчө операциялары боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 29-декабрындагы № 2021-П-12/75-1-(БС) токтому менен бекителген «Банктык, төлөм жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына жана маркетингдик иш-чараларды жүргүзүүгө карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого ылайык эсептелет.

Үстөк баанын/кирешенин алынган мааниси орточо салмактанып алынган үстөк бааны/кирешени 52-пунктта көрсөтүлгөн формула боюнча эсептөө үчүн колдонулат.»;

- 22-пункттун сегизинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Кредиттердин жалпы суммасынын эсебине ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча маалыматтар кирет. Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин эсебине ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча орточо салмактанып алынган үстөк баа/кирешеге тиешелүү маалыматтары кирет.»;

- 9-главанын 18-1-параграфынын төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Эскертүү: Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо суммалары боюнча маалыматтар кредиттердин жалпы суммасынын эсебине кирет. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча орточо салмактанып алынган үстөк баа/кирешеге тиешелүү маалыматтар «Областтарга Сунушталган кредиттер боюнча маалымат деген 4.Г бөлүкчөсүндөгү кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин эсебине кирет.»;

- 52-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«52. Төмөндө орточо салмактанып алынган пайыздык ченди эсептөө формуласы келтирилген.

Орточо салмактанып алынган пайыздык чен = $(X_1 / X * I_1 + X_2 / X * I_2 + \ldots + X_n / X * I_n) * 100$

X – кредит портфелинин жана каржылоо портфелинин чогуу алгандагы калдыгы;

$X_1, X_2, \ldots, X_n$ – өзүнчө кредиттер, каржылоо операциялары боюнча негизги сумманын калдыктары,

I_1, I_2, …, I_n – өзүнчө кредиттер боюнча пайыздык чендер, өзүнчө каржылоо операциялары боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде.

Орточо салмактанып алынган пайыздык чен ар бир кредиттин/каржылоо операциясынын калдыгынын кредит портфелинин жана каржылоо портфелинин чогуу алгандагы калдыгына бөлүнгөн жана тиешелүү пайыздык ченге же үстөк баага/кирешеге көбөйтүлгөн суммага барабар.

Орточо салмактанып алынган эффективдүү пайыздык чен, үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти жогоруда көрсөтүлгөн формула боюнча тиешелүү эффективдүү пайыздык чендердин, үстөк баанын/кирешенин жана каржылоонун ар бир операциясы боюнча кирешелүүлүк коэффициенттерин эсептөөгө кошуу менен эсептелинет.»;

- 53-пункттун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча кирешелүүлүк коэффициентинин маалыматтары орточо салмактанып алынган эффективдүү пайыздык чендин эсебине кирет.»;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Микрокредиттик компаниянын жана микрокредиттик агенттиктин мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчетунун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөрдүн:

- 14-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«14. Бул бөлүк өзүндө отчеттук күнгө карата кредит портфели боюнча карыз калдыгы жөнүндө статистикалык маалыматты камтыйт.

Төмөндө орточо салмактанып алынган пайыздык ченди эсептөө формуласы келтирилген.

Орточо салмактанып алынган пайыздык чен = $(X_1 / X * I_1 + X_2 / X * I_2 + \ldots + X_n / X * I_n) * 100$

X – кредит портфелинин жана каржылоо портфелинин чогуу алгандагы калдыгы;

X_1, X_2, …, X_n – өзүнчө кредиттер, каржылоо операциялары боюнча негизги сумманын калдыктары;

I_1, I_2, …, I_n – өзүнчө кредиттер боюнча пайыздык чендер, өзүнчө каржылоо операциялары боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде.

Орточо салмактанып алынган пайыздык чен ар бир кредиттин/каржылоо операциясынын калдыгынын кредит портфелинин жана каржылоо портфелинин чогуу алгандагы калдыгына бөлүнгөн жана тиешелүү пайыздык ченге жс үстөк баага/кирешеге көбөйтүлгөн суммага барабар.

Орточо алынган эффективдүү пайыздык чен, үстөк баа/киреше жана кирешелүүлүк коэффициенти жогоруда көрсөтүлгөн формула боюнча тиешелүү эффективдүү пайыздык чендердин, үстөк баанын/кирешенин жана каржылоонун ар бир операциясы боюнча кирешелүүлүк коэффициенттерин эсептөөгө кошуу менен эсептелинет.

Эскертүү: Эгерде пайыздык чен же үстөк баа/киреше ар жума сайын же болбосо ай сайын белгиленсе, сунушталган отчетко ылайык аларды жылдык номиналдык пайыздык мааниге келтирүү зарыл. Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин эсебине ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча үстөк баа/киреше жөнүндө маалыматтар кирет.»;

- 14-1-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«14-1. Каржылоонун өзүнчө операциялары боюнча үстөк баа/киреше жылдык номиналдык пайыздык мааниде Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 29-декабрындагы № 2021-П-12/75-1-(БС) токтому менен бекителген «Банктык, төлөм жана микрофинансылык уюмдар тарабынан сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын белгилөө саясатына жана маркетингдик иш-чараларды жүргүзүүгө карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого ылайык эсептелет.

Үстөк баанын/кирешенин алынган мааниси орточо салмактанып алынган үстөк бааны/кирешени ушул Усулдук көрсөтмөлөрдүн 14-пунктунда көрсөтүлгөн формула боюнча эсептөө үчүн колдонулат.»;

- 16-пунктунун он тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Эскертүү: Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо суммалары боюнча маалыматтар кредиттердин жалпы суммасынын эсебине кирет. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча орточо салмактанып алынган үстөк баа/кирешеге тиешелүү маалыматтар кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендин эсебине кирет. Орточо салмактанып алынган эффективдүү пайыздык чендин эсебине ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча кирешелүүлүк коэффициентине тиешелүү маалыматтар кирет.»;

- 8-главанын 12-1-параграфынын үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо суммалары боюнча маалыматтар кредиттердин жалпы суммасынын эсебине кирет. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча орточо салмактанып алынган үстөк баа/кирешеге тиешелүү маалыматтар «Тармактар жана региондор боюнча кредиттик портфелди бөлүштүрүү» деген 3 В бөлүкчөсүндө көрсөтүлгөн кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин эсебине кирет.»;

- 19-1-пунктунун төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Эскертүү. Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо суммалары боюнча маалыматтар кредиттердин жалпы суммасынын эсебине кирет, ал эми ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык сунушталган каржылоо боюнча орточо салмактанып алынган үстөк баа/киреше тууралуу маалыматтар «Тармактар жана региондор боюнча берилген кредиттердин көлөмү боюнча маалымат» Ж. 3. таблицасынын кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин эсебине кирет.».